керектөөчүлөргө калган керектөөчүлөр кирет, ишкердик менен алектенген жарандар ( ошол эле учурда юридикалык жак болуп түзүлбөгөн жактар дагы), жана ишмердүүлүк процессинде ичүүгө жарактуу сууну колдонгондор.

авария-бузулуу же суу камсыздоо системасынын, канализация же бөлөк турган курулмалардын, жабдуулардын, түзүлүштүн катардан чыгышына, суу керектөө жана суунун агып чыгуу көлөмүнүн токтошуна, же басаңдашына, таза суунун сапатынын начарлашына, айлана чөйрөгө, юридикалык жана физикалык жактардын мүлкүнө жана калктын ден соолугуна зыян келтирүүсүнө алып келет.

авариялык тейлөө-суу түтүк-канализациялык иштеринин күтүлбөгөн бузулушунун натыйжасында (өткөрмө түтүгүнүн үзүлүшү, бекиткич-жөндөө түзүлмөлөрдүн бузулушу, канализациянын булганышы жана өтө албастыгы) суу түтүк-канализациялык тармагындагы жана курулмаларындагы бузулууларга багытталган ондоо иштеринин комплекси,;

желдеткич көтөрмө-канализациялык тармактын вентиляцияга багытталган өткөрмө түтүгү.

үй ичиндеги (ички) тармактар-имарат ичинен өткөн жана ичүүгө жарактуу сууну керектөө шаймандарга камсыз кылган суу түтүк-канализациялык тармак, ошондой эле биринчи тышкы ички кварталдык же короодогу кудукка чейин имараттын чегинен агымды буруп кетүү;

суу өлчөгүч түйүн-суукамсыздоо объектилери менен керектелүүчү ичүүгө жарактуу сууну эсептөө үчүн багытталган технологиялык бириккен элементтердин комплекси;

квартал ичиндеги (ички аянт ичиндеги тармак)- суу түтүктөрү боюнча – ички кварталда узатасынан коблган суу түтүктөрү; канализация боюнча- кварталдын ичинде же аянтта коюлган суу түтүктөр тармагы; бөлөк турган имараттардан бириктирилип чыккан канализацияларык чыгарууларды бириктирген тармак.

суу түтүк тармагы абоненттерди (субабоненттерди) суу менен камсыздоо үчүн багытталган өткөрмө түтүктөр жана алардын курулмаларынын тутуму;

суу камсыздоо жана канализация тутумуна кошулуу үчүн курулмалар жана суу түтүк жана канализациялык түзүлмөлөр (суу түтүк киргизүү, же канализациялык чыгаруу) – суу камсыздоо тутумунан абонент таза суу алуучу же канализация тутумуна агымдарды чыгаруучу түзүлмөлөр жана курулмалар;

суу керектөө-абоненттердин (субабоненттердин) турмуштук керектигин канаттандыруу үчүн пайдаланылуучу суу;

суу камсыздоо-абоненттерге таза сууну транспорттоо жана берүү, даярдоо технологиялык процесси;

суу бөлүштүрүү- абоненттерден кийинки канализациялык курулмаларды ташып жеткирүүчү агым суу менен камсыздоочу технологиялык процесс;